ЭРКИН ТОО

мамлекеттик расмий гезити

**Акча баркы эсебинде**

*Асанкожоева Зина Мукаевна Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкына төрайым болгонго чейин эле республикалык банк системасынын өнүгүүсүнө салым кошкон белгилүү кызматкерлерден эле. Азыр Улуттук Банктын төрайымы болуп иштегенине бир жарым жылга жакындап баратат. Жакында Зина Мукаевна биринчи жолу журналисттердин чоң тобун чогултуп, Улуттук Банктын, дегеле республикадагы банк системасынын бүгүнкү күндөгү ал-абалы тууралуу баяндама жасады жана журналисттердин суроолоруна жооп берди.*
*Зина Мукаевна жолугушууда бүгүнкү күндөгү инфляциянын абалы, банк системасынын көрсөткүчтөрү, микрофинансылык уюмдар, көйгөйлүү карыз алуучулар, төлөм системасынын жана көзөмөлдүн өнүгүшү, валюта рыногу, эл аралык резервдин көлөмү, мыйзамдар ж.б. багыттарга токтолду. Алардын ар бири боюнча окурмандарга кыскача маалымат берип коюуну редакция ылайык көрдү.*



Зина АСАНКОЖОЕВА,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук Банкынын төрайымы:

# “БАНК СИСТЕМАСЫ ИШЕНИМГЕ ЭЭ БОЛУУДА”

### ИНФЛЯЦИЯ

Инфляциянын өсүшүн болтурбай, мурда билдирилген чекте кармап туруу Улуттук Банктын ишинин башкы жыйынтыктарынын бири болуп эсептелет. 2011-жылы алдын ала билдирилген боюнча инфляциянын өсүш деңгээли 10 пайызды түзөт деп айтылган болсо, жылдын жыйынтыгы боюнча ал 5,7 пайызга гана жеткен. 2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча инфляциянын жылдык деңгээли 4,4 пайызды түзгөн. Үстүбүздөгү жылы эгерде кандайдыр бир ички же тышкы күчтүү таасирлер болбосо инфляциянын деңгээли 9 пайыздан төмөн болот.

2011-жылдын июнь айынан тартып 2011-2014-жылдары экономикалык программаларды жүзөгө ашыруу башталган. Бул программаны кеңейтилген кредит механизми алкагында ЭВФ колдоого алган. Ушул багытта Кыргызстан 28,5 миллион суммасындагы үч транш алган.

### БАНК СИСТЕМАСЫНЫН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

Банк системасынын көрсөткүчтөрү бул сектордун өнүгүп бара жаткандыгын көрсөтөт. Алсак, жылдын башынан бери банк системасы 16,5 пайызга көбөйгөн, ал 77 миллиард 776 миллион сомду түзөт муну менен кредиттик портфел 14,2 пайызга өсүү менен анын көлөмү 35 миллиард 566 миллион сомго жетти. Бул көрсөткүчтөрү август айынын аягына карата алынды. 2012-жылдын 1-сентябрына карата алынган пайда жана активдер менен капиталдын кирешелүүлүгү өткөн 2011-жылдын жылдык деңгээлине жетип отурат жана үстүбүздөгү жылдын аягына чейин анын андан аркы өсүшү күтүлүүдө. Мунун баары банк системасы туруктуу өнүгүп, ишенимге ээ болуп жаткандыгынын күбөсү.

### МИКРОФИНАНСЫЛЫК УЮМДАР СИСТЕМАСЫ

Микрофинансылык уюмдар (МФУ) системасы боюнча да негизги көрсөткүчтөрдүн өсүш динамикасы уланууда. 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын аягына карата алганда финансылык кредиттик эмес мекемелердин саны 893кө жетти. Буларга кредиттик союздар жана акча алмаштыруу бюролор кирет. Алардын кредиттик портфели 11,5 пайызга өскөн б.а. анын көлөмү 17,5 миллиард сомго жетип отурат. Ал эми карыз алуучулардын (заемщики) саны 480 миң кишини түзүүдө. Бул деген микрофинансылык сектордун кызматына болгон суроо талаптын деңгээли жогорулагандыгын көрсөтөт. МФУлардын берген отчетторуна караганда 2012-жылдын 30-июнуна карата алганда кредиттердин пайыздык ставкалары төмөндөгөнү байкалган. Бул болсо кредит алуунун өсүшүнө шарт түзөт. Өз кезегинде ал калктын жашоо турмушунун оңолушуна, региондор кедейликтин кыскаруусуна таасирин тийгизет.

### КӨЙГӨЙЛҮҮ БАНКТАР ЖАНА КОНСЕРВАЦИЯ РЕЖИМИНДЕ ТУРГАН БАНКТАР

Улуттук банк көйгөйлөрү жана консервация режиминде турган банктар менен иштөөнү улантууда. Азыркы учурда 3 банк – Ысык-Көл инвестициялык банкы, Кыргызкредитбанкы жана Манас банк консервация режиминде турушат. Ысык-Көл Инвестициялык банкы жана Кыргызкредитбанк зыянсыз иштөөдө. Башкача айтканда 2012-жылдын 1-октябрына карата алганда Ысык-Көл инвестициялык банкы 9,9 миллион сом, Кыргызкредитбанк 16,4 миллион сом пайда тапкан. Тилекке каршы, айрым банктарда, анын ичинде Манас Банк ЖАКта кредиттер боюнча күрөө катары эсептелинген мамлекеттештирилген мүлктөр боюнча маселе чечилбеген бойдон турат. Мамлекеттештирилген мүлктөрдүн негизги бөлүгү Манас банк ЖАКка таандык болууда. Бул банк зыян менен иштеген банк бойдон калууда. Анын тарткан зыяны 2012-жылдын 1-октябрына карата 23,5 миллион сомду түзгөн. Консервация режиминде турган банктардын маселелери сот процесстеринин жыйынтыктарына жараша болот. Манас банктын көйгөйү да эл аралык сот процессинин жыйынтыгы менен чечилет.

### ЖАБЫР ТАРТКАН КАРЫЗ АЛУУЧУЛАР ЖАНА КӨЙГӨЙЛҮҮ КАРЫЗ АЛУУЧУЛАРДЫН ПАЙДА БОЛУШУ

Акыркы эки жылдын ичинде 2010-жылдын апрель жана июнь айларында Бишкек жана Ош шаарларында болуп өткөн каргашалуу окуялардын к есепетинен бизнеси жабыр тарткан кредит алуучулар - ишкерлер жана жеке адамдар менен иштөөгө айрыкча көңүл бөлүнүүдө. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Коммерциялык банктар жана МВФ менен жүргүзүлгөн биргелешкен иштердин натыйжасында 7000 арыз каралган. Алардын ичинен 18 карыз алуучунун маселелери чечилбей калууда. Алардын карызынын суммасы 7,4 млн. сомду түзөт. Айрым карыз алуучулар кредиттерди тындыруу боюнча жаңы шарттарга макул болушпай, төлөгөндөн баш тартышып, кредитти толук жоюуну талап кылышууда. Алардын бир тобу чет өлкөлөргө чыгып кетишкен. Көйгөйлүү карыз алуучулар акыркы эки жылдын ичинде КРУБга, мамлекеттик башкаруу органдарына кайрылышууда. Бул кайрылуулардын баары каралууда. Бирок, алардын көпчүлүгү мыйзамдык негизге ээ эмес жана алар кредиттерди жана ага карата эсептелинген пайыздарды таптакыр жоюуну талап кылышууда. Финансылык кредиттик мекемелер ортомчулар гана болуп эсептелишет. Алар кредиттерди инвесторлордун жана акча салуучулардын эсебинен беришет. Ошондуктан кредитти төлөө боюнча митингдерди уюштуруу менен негизсиз экономикалык пайдага жетишүү мыйзамсыз, ал финансылык кызматтардын рыногуна туруксуздук алып келет жана анын өнүгүшүнө тоскоол болот.

### КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН УКУКТАРЫН КОРГОО ЖААТЫНДА

Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында пайыздык үлүштөрдү азайтуу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн шарт түзүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Алсак, КРнын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында КРнын мыйзамдарын жана УБКРнын нормативдик актыларын бузуу менен иш алып баргандыгы үчүн бир катар микрофинансылык уюмдардын күбөлүктөрү алынып салынды же иштөөсү токтотулду. Бул уюмдардын мыйзамдардын талаптарын аткаруусуна көзөмөл жүргүзүүнү улантабыз. Ошондой эле “Микрокредиттик финансылык уюмдар жөнүндө” мыйзамга кошумчаны кийирүү улантылат. Бул МФУнун операция жүргүзүүлөрүн кеңейтет жана финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргойт.

Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жана финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча Мамлекеттик программа даярдап жатабыз. Бул боюнча бир нече уюмдар менен алдын ала сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

### ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ЖАНА КӨЗӨМӨЛ

КРУБ тарабынан төлөм системасынын бардык элементтерин тегиз укуктук жөнгө салууну камсыз кылуу үчүн “Төлөм системасы жөнүндөгү” Мыйзамдын долбоору иштелип чыгып, ал Жогорку Кеңештин кароосуна берилген. Бул мыйзам долбоорунун максаты – натыйжалуу акча жүгүртүүнү уюштуруу боюнча мамлекеттик саясат менен шайкеш келген улуттук төлөм системасынын ишмердигин жөнгө салуу болуп эсептелет. Бирок төлөм системасынын операторлору бул мыйзам долбооруна каршы чыккандыгы белгилүү. Алар лицензияланууну каалашпайт, коомчулукту кызмат көрсөтүүлөр үчүн тарифтер жогорулайт же иштешүүгө чек коюла тургандыгы менен коркутуп жатышат. Бирок Улуттук банк бул бизнесмендердин айткандарын негизсиз деп эсептейт жана алар өздөрү көзөмөлдөө органдарынын астында болууну каалашпайт. Чынында бул мыйзам кыргызстандыктардын каражаттарын коргоого багытталган.

### ВАЛЮТА РЫНОГУ

Бизде валюта рыногу өнүгүү жолунда баратат. АКШ долларынын курсу туруктуу бойдон калууда. 2012-жылдын 1-январынан тартып Улуттук банк евронун, россиялык рублдин жана казак теңгесинин кыргыз сомуна карата расмий курстарын күн сайын аныктоого өттү. Бул валюталарды күн сайын аныктоого өтүү валюта рыногундагы кырдаалды тез арада жана реалдуу чагылдырууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле республиканын чарба жүргүзүүчү субъектилерин чет өлкөлүк валюталар менен эсептик төлөм мамилелерди жүргүзүүнү жакшыртат. Бул жалпысынан алганда банктар аралык валюта рыногунун өнүгүшүнө багытталган.

### ЭЛ АРАЛЫК РЕЗЕРВ

Эл аралык резервдердин төлөмү 2012-жылдын 1-октябрына карата 1 966,3 миллиард АКШ долларын түздүк. Ал 2011-жылдын июнунан тартып 67 млн. АКШ долларына көбөйгөн. 2011-жылга чейин Улуттук банктын балансында турган алтындын көлөмү 2,58 тоннага жакынды түзгөн. Бул көлөм 1997-жылдан бери өзгөргөн жок. 2011-жылдын аягында эл аралык резервдерди толуктоо максатында КРнын ички рыногунан алтынды сатып алуу башталган. Аны менен алтындын үлүшү эл аралык резервде 8,6 пайызга чейин көбөйгөн.

### МЫЙЗАМДАР ЖААТЫНДА

Өткөн жылдын 1-июлунан тартып мыйзамдар жаатында “Кыргыз Республикасында банктар жана банктар ишмердиги жөнүндөгү”, “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндөгү”, “Кредиттик союздар жөнүндөгү”, “Чет өлкөлүк валюталар менен операциялар жөнүндөгү”, “Лицензиялоо жөнүндөгү” Мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү Мыйзамдардын долбоорлору жана административдик кодекс иштелип чыккан. Көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр жана толуктоолор банктык мыйзамдардын шайкеш болуусуна багытталган. КРнын төлөм системасынын негизги жоболорун аныктаган “Төлөм системасы жөнүндөгү” Мыйзамдын долбоору иштелип чыккан.

### КРУБнын ИШИН ЖАКШЫРТУУ МАКСАТЫНДА

КРУБ “Башкы китеп” Банктык маалыматтык системасын кийирүү менен Улуттук банктын иши толук бойдон автоматташтырылып, бирдиктүү маалыматтык борбор түзүлөт. Ал иштин бардык негизги тармактарын камтыйт жана анын ийкемдүүлүгү жаңы бизнес процесстеринин пайда болушуна шарт түзөт. Аны менен Улуттук банктын иши жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлөт. Азыркы соода системасына болгон талаптарды эске алуу менен бүгүнкү күндө “Мамлекеттик баалуу кагаздар жана чет өлкөлүк валюталар, депозитария жана акча кредиттик рыногу менен соода системасын түзүү жана кийирүү” долбоору жүзөгө ашырылып жатат. Анын негизги максаты – Банктар аралык операциялардын ички рыногун модернизациялоо жана бүтүндөй банк системасын өнүктүрүү болуп эсептелет.

### КЫРГЫЗ СОМУНУН 20 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

2012-жылдын 12-14-октябрларында Токио шаарында болуп өткөн Эл аралык валюта фондунун жана Дүйнөлүк банктын Тобунун Жылдык чогулушу учурунда донорлор жана өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Анын натыйжасында кыргыз улуттук валютасынын 20 жылдыгына арналган эл аралык конференцияны 2013-жылы өткөрүү боюнча Эл аралык валюта фонду жана Дүйнөлүк банктын жардам көрсөтүүсү жөнүндө алдын ала сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Бул конференция биздин өлкө үчүн өтө маанилүү.

### ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

Улуттук банк макроэкономикалык моделдештирүү усулдарын пайдалануу менен маанилүү экономикалык маселелер боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүп жаткандыгы көпчүлүккө маалым эмес. Акча кредиттик саясатын түзүү жана жүзөгө ашыруу учурунда алынган билимди пайдаланылып илимий иштердин биринчи жыйнагы жарыкка чыкты. 2012-жылдын 1-чейрегинен тартып, азыркы экономикалык кырдаалды жана акча кредиттик тармактагы кырдаалды талкуулоо үчүн көз карандысыз эксперттерди чакыруу менен Эксперттик форумдар өткөрүлдү. Анын максаты акча кредиттик саясат жаатында андан аркы багыттар үчүн сунуштарды иштеп чыгуу болуп эсептелет.

Улуттук банктын ушул сыяктуу маселелери боюнча КРУБ төрайымы Асанкожоева Зина Мукаевна кеңири баяндама жасап, андан кийин журналисттердин көптөгөн суроолоруна жооп берди.

**Абдимухтар АБИЛОВ**